DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Байтикова Т.А., Курманалиева Ч.М.*

# БАЛАНЫ АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛООНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Байтикова Т.А., Курманалиева Ч.М.*

# НЕКОТОРЫЕ ЗАДАЧИ НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ РЕБЕНКА

*T.A. Baytikova, Ch.M. Kurmanalieva*

# SOME TASKS OF THE MORAL EDUCATION OF THE CHILD

*УДК: 373.3*

*Макалада баланы адептүүлүккө тарбиялоонун маселелери этнопедагогикалык контексте каралды. Баланын инсан катары калыптануу жолунда элибиздин үрп-адат, каада-салт, жомоктор, макал-ылакаптар, чыгармалардагы образдардын үлгүлөрү ж.б. таасириндеги элдик тарбиянын орду, мааниси чечмеленди. Баштапгыч класстын окуучусу үчүн жомоктун таасири зор. Анткени көпчүлүк жомоктордун мазмунун адептүүлүк, жакшы сапаттарды калыптандыруу сыяктуу руханий маданияттын үлгүлөрү түзөт. Ошондуктан айрым чыгармалардагы жомоктун үлгүлөрүн берүүгө аракеттендик. Элдик педагогика баланы тарбиялоодо муундан-муунга өткөн идеялардын, ишеримдердин, ыйман-адеп дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоого багытталган билимдердин өзгөчө системасы экендигин далилдөөгө да аракеттер жасалды. Бирок, бүгүнкү күндө компьютерлешүү заманында балдардын аң-сезими маалыматка жык толгону менен адептүүлүк, ыймандуулук деңгээли төмөн болуп, руханий жардылык басымдуулук кылып жаткандыгы жөнүндө сөз болуп, ал проблемаларды жоюунун айрым бир жолдору сунушталды.*

***Негизги сөздөр**: тарбия, адеп, этнопедагогика, каада-салт, үй-бүлөлүк тарбия, руханий кризис, руханий саламаттык, кыргыз эли, кызматташуу, жекечелик, патриоттуулук.*

*В статье рассматриваются задачи нравственного воспитания ребенка в этнопедагогическом контексте. Раскрыты место и значение народного воспитания, на примерах обычаев и традиций, пословиц-поговорок, сказкок и других произведений нашего народа и их влияние на формирование личности ребенка. В статье отмечено, что для младшего школьника роль сказок велика. Потому что содержание многих сказок составляет нравственность, формирование хороших качеств, образцы духовной культуры. Поэтому старались преподнести образцы сказок различных произведений. Попытались доказать особенность системы народной педагогики в деле воспитания ребенка, идей, верований переходящих из поколения в поколение в духе наследий нравственности. Однако, на сегодняшний день в современном обществе компьютеризации сознание детей забиты информациями, но, к сожалению наступив душевный кризис, уровень нравственности и морали остаются низкими. Поэтому были предложены некоторые пути решения выше сказанных проблем.*

***Ключевые слова:** воспитание, воспитанность, этнопедагогика, обычаи, семейное воспитание, душевный кризис, душевное здоровье, кыргызский народ, сотрудничество, индивидуальность, патриотизм.*

*The article examined the tasks of moral education of a child in an ethno-pedagogical context. The meaning of national education, patterns of images in works, proverbs, sayings, tales, customs and traditions of our people and their influence on the formation of the child's personality were revealed. The article notes for the younger student, the role of fairy tales is great. Because the fairy tales have morality, good qualities, spiritual culture. That is why we tried to present samples of fairy tales of various works. We tried to prove the peculiarity of the system of folk pedagogy in the upbringing of the child, ideas, beliefs in the generation as the spirit of the heritage of morality. Today, in today's society, the computerization of children's consciousness is crammed with information, but unfortunately, when a mental crisis ensues, the level of morality and morality remain low. Therefore, some ways to solve the above problems were proposed.*

***Key words:** education, upbringing, ethnopedagogy, customs, family education, mental crisis, mental health, the Kyrgyz people, cooperation, individuality, patriotism.*

Тарбия бала кезден башталып, өмүр бою уланат. Тарбиялоо маселеси стратегиялык маселе катары мамлекеттин көңүл борборунда турушу шарт. Анткени өлкөнүн келечеги тарбиялуу жаштардын ишмердүүлүгүнөн көз каранды. Тарбиялоо – бул коомубуздун керектөө, баалуулуктарына карата адамдын адеп, акыл жана инсандык сапаттарын калыптандыруу боюнча максаттуу-багыттуу ишмердүүлүк. Айрым изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, тарбия – бул белгилүү бир жакшы сапаттарга ээ инсанды калыптандыруу үчүн жасалган иш-аракеттердин, берилген таасирлердин жыйындысы [2].

Кыргыз эли илгертеден эле үй-бүлөлүк тарбияга чоң маани берип келишкен. Үйдө улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо, ата салтын жана эне

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



адебин урматтоого, ошондой эле «Бул жүрүм-турум биздин менталитетке туура келбейт» деген сыяктуу элдик принциптин негизинде улуттук менталитеттин чегинде баланы тарбиялоо, атанын уруксаты жок иш кылбоо, ата-эненин үлгү болуу принциби, элдик, тарбиялык мааниси зор макалдардагы таасын ойлорду турмушта ыктуу пайдалануу жолу менен эле баланын аң сезиминде тарбиянын элдик үлгүлөрүн калыптандырып келишкен. Элибиздин даанышмандыгы ушунда, баланын ким болорун алган тарбиясына байланыштырып баа берип келишкен. Бул оюубузду окумуштуу С.Рысбаевдин: «Элдик педагогикалык мааниси терең накыл кептердин жүрүм-турумга жана мамиле адебине байланыштуу айтылгандары да эң көп. Алар өзгөчө эле жүрүм-турум адебинин бүтүндөй бир системасын түзүп тургансыйт» - деген пикири тастыктайт [6].

Өзгөчө, элибизде ата-эненин үлгүлүү жүрүш-турушун мисал кылсак, алардан чагылдырып алган жүрүм-турумдун этикалык, эстетикалык нормалары акырындап баланын ички жүрүм-турумуна, ички керектөөсүнө, адеп-ахлак сапаттарына айланып, натыйжада тарбиялоо процесси ийгиликтүү ишке ашып, коомдо адептүү, ыймандуу, татыктуу инсандар тарбияланып келген.

Баланы тарбиялоо тууралуу кыргыз элдик, философиялык ойлор укумдан тукумга, муундан-муунга оозеки түрүндө берилип келе жаткан жомоктордо, легендаларда, макал-ылакаптарда, учкул сөздөрдө, элдик ырларда жана башка элдик оозеки чыгармалардын түрлөрүндө сакталып, кезегинде өз милдетин аткарып келгендиги, алардын арасында жомок дүйнөсү балалык кезден эле баланын жан дүйнөсүнө жакын жанр экендигин баса белгилөөгө негиз бар. Адептүүлүк маселесин козгоодо да жомоктун таасиринен айланып өтүп кетүү мүмкүн эмес, анткени, жомок аркылуу балдар адамзаттын жашоо-турмушун өз туюмунда туюп, жүрөгү менен сезет. Мисал катары, улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» повестиндеги Момун чалдын балага айтып берген жомогун алсак, алардын мазмуну аалам сырлары болгон жамандык менен жакшылык, аруулук менен ыпластык, адилеттик менен кыянатчылыкты камтууда кичинекей баланы кыялында алар менен күрөшүүгө аргасыз кылат. Ал өз ой туюмунда адилетсиздик, кара өзгөйлүк, ыпластык, жаратылышка карата кыянаттык мамиле менен эч келише албады.

Автор чыгармада укумдан тукумга өтүп келген руханий маданияттын үлгүлөрүнө таянып, аны каармандардын ой туюму менен байланыштырып сүрөттөп, баланын ой жүгүртүүсүндө жомок жаңы мүнөзгө ээ болуп, ой чабыты алып учуп, анын келечектеги үмүтү, руханий байлыгы болуп калат. Жомоктун контекстинде негизги түйүндүү окуялар чыгарманы окуган ар бир окуучуга баланын жан дүйнөсүнүн аруулугу, адеп-ахлак табияты зор таасир берип, жаман адаттардан алыс болууга, жакшы адам болуп чоңоюуга үндөйт. Жогоруда оюбузду окумуштуу А.Муратовдун: «Момун ушул турушунда республикага эмгек сиңирген педагог, же новатор-мугалим эмес, ал элдик тарбиялоо салттарынын казанында кайнап бышкан, ошондон чыккан адам, анын тарбиячылык кредосу – элдик таалим-тарбиялоо салттары. Демек, баланын руханий күчү – кыргыз элинин салттуу педагогикасында» – деген пикири менен байланыштырсак, автор биринчиден, Момундун образы аркылуу элдик салттын бийиктигин даңазаласа, экинчиден, баланын ички, бай руханий жүрүм-турумунун негизин этнопедагогика түзүп турарын баса белгилейт [3].

Ошондуктан мектеп жашына чейинки жана кенже мектеп куракта балдарды жомоктун негизинде тарбия берүү маселеси да балада ыйманы таза адептүүлүк сапаттарын жана ошондой эле этикалык нормалардын чегинде адамдар менен мамиле түзө билүү жөндөмүн калыптандырууда негизги факторлордун бири боло алат.

Алгач үй-бүлөдө балага тарбия талапка жооп берерлик деңгээлде туура берилсе, анда баланын мүнөзүндө инсандык сапаттар болгон адептүүлүк, ыймандуулук, патриоттуулук ж.б калыптанат, ошол себептүү үй бүлөнүн тарбиялык ролун активдештирүү зарылдыгы туулат. Үй-бүлөдө баланы жашынан айлана-чөйрөдө болуп жаткан нерсени кабылдоосу жогору, өтө сезимтал мезгилинде (эрте балалык жана мектеп жашына чейинки курак) элдик педагогиканын мурастары аркылуу баланын жан дүйнөсүн азыктандыруу зарыл десек жаңылышпайбыз. Ата-эне тарбиялоонун жекече формасын колдонуп, балага китеп окуп берүүсү жана анын китеп окуусун, бош убактысын кантип өткөрүүнү уюштуруп берүүсү, баланын өзүн-өзү тарбиялоосуна көмөктөшүүнү туруктуу адатка айландыруусу керек. Үйдө өсүп келе жаткан бала үчүн руханий, адеп, акыл, патриоттуулукка тарбиялоого багытталган атайын китеп бурчун уюштуруу да эффективдүү натыйжа берет. Өмү-

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



рү өрнөк инсандарыбыздын чыгармаларын (мисалы, Ч.Айтматов ж.б.) китеп текчеге жөн гана койбостон аны окуп, үй-бүлөдө талкуулоо, баланын ой пикирин эске алуу менен анын сыйлоо мамилеси да адептүүлүккө тарбиялоонун бирден бир жолу десек болот.

Бүгүнкү күндө билим берүү мекемелеринде тарбиялоо процессине чыгармачылык менен мамиле жасоодо тарбиялануучуну тарбиянын субъектиси катары, аны менен кызматташуу аркылуу инсандык сапаттарын өнүктүрүүнү алдынкы планга чыгаруу маселеси мезгилдин талабы десек болот. Мында баланын индивидуалдуулугун, табиятын эске алуу менен тарбиялоо маселеси жатат. Ар бир иш-аракетте баланын өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берип, ишмердүүлүктө бирге иш алып барып, анын демилгесин, аракетин дайыма колдоп, ийгилигин баалоо жагы да өтө маанилүү. Мугалим баланын инсандык жактан өсүүсүн көзөмөлдөп туруусу шарт. Сабакта баланын ар кандай оюндарга, дискуссияларга, тегерек столго катышуудагы активдүүлүгү, класс ичинде кадыр-баркы, курбалдаштары менен болгон сый-урмат мамилеси аркылуу баладан адептүүлүктүн белгилерин байкоого болот.

Мектепте жана жогорку окуу жайларында элдик педагогиканын алкагында билим берүү мекеменин деңгээлинде ар кандай иш чаралардын өткөрүлүп, окуучу, студенттердин активдүү катышуусу да улуттук маданияттын үлгүлөрүн өзүнө сиңирүүдө патриоттуулук сезимди калыптандырууга түрткү болот. Мисалы, 2018-жылдын декабрь айында К.Тыныстанов атындагы ЫМУда улуу жазуучу Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына арналган факультеттер аралык 10 күндүк декада жарыяланып, анда студенттердин күчү менен даярдалган чыгармалардан үзүндүлөр сценка катары коюлуп, активдүү тарбиялык маанидеги иш чаралар өткөрүлдү. Анда Ч.Айтматовдун кыргыздын чыгаан уулу, улут сыймыгы экендиги, кыргыз эли эле эмес дүйнөнүн булуң бурчтарында башка улуттар да улуу жазуучунун улуулугун даңазалап жаткандыгы тууралуу маалыматтар берилди. Ошондой эле телерадио берүүлөрдөн да байма-бай жазуучунун көөнөрбөс чыгармаларынын негизинде тартылган көркөм тасмалар көрсөтүлүп, бала бакчадан баштап, бардык коомдук мекемелерде да юбилей жогорку деңгээлде белгиленди. Муну менен айтайын дегенибиз, элдик педагогиканын алкагында да Ч.Айтматовдун тарбиялык мааниси зор чыгармалары мейли жомок болобу, мейли реалдуу жашоо үзүмү болобу, таасын берилип, ар бир адамга зор таасир калтырат. Адамдагы улуулуктун даңазаланышында жазуучунун ар бир оң каарманы өсүп келе жаткан ар бир балага үлгү болуп, адептүүлүккө, тазалыкка, аруулукка, ак ниеттүүлүккө тарбиялайт.

Ааламдашуу доорунда Чыңгыз Айтматовдун юбилейинин жогорку деңгээлде белгилениши кыргыз эли гана эмес, дүйнө жүзүндө көптөгөн элдер анын чыгармаларын даңазалап, педагогикалык контекстте жазуучунун каармандары тарбиянын улуу устаттары катары ачык, даана көрүндү. Бала бакчадагы бала, мектептеги окуучу, окуу жайдагы студент болобу, өткөрүлгөн иш чараларга активдүү катышышып, өсүп келе жаткан жолунда тарбиянын чоң сабагын алышты десек жаңылышпайбыз.

Дегеле, тарбиялоо процессин толук кандуу ишке ашырууда улуттук кенч, байлык болгон элдик маданиятка, адабиятка, кыргыз элибиздин көөнөрбөс акыл-ой, рух дөөлөттөрүнө таянуу зарылдыгын айтпасак да түшүнүктүү. Бул багытта этнопедагогика илими өз нугунда өнүгүү жолунда келе жатат. Илимге салым кошкон окумуштуулар (А.Алимбеков, А.Муратов ж.б) элдик педагогиканын улам бир сырларын ачуу менен тарбиялануучуларга улуттук коллориттеги баалуу материалдарды тартуулоодо.

Окумуштуу А.Алимбековдун илимий аныктамасы боюнча: «Элдик педагогика – бул улут улут болуп калыптанганга чейин эле узак мөөнөт жашап, белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардын, элдик керектөөлөрүнүн негизинде өнүгүп-өркүндөп, адамды муундан-муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин, ыймандык нарк-дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоого багытталган эмпирикалык билимдердин жана практикалык иш-аракеттердин бөтөнчө системасы» экендигине таянсак, анда баланы тарбиялоодо мааниси зор экендигине ынанабыз[1].

Бирок, тилекке каршы, этнопедагогика дисциплинасы жана элдик мурастардын мектеп программасында камтылып окутулуп жаткандыгына карабастан, учурда коомдо, айрыкча жаш муундардын тобу жан дүйнө жардылыгына кабылгандыгы бул моюнга алар чындык. Массалык маалымат каражаттарынын көптүгүнөн компьютердик технология заманында жаштардын дүйнө таанымы кеңейгендиги менен алардын интеллектиси жасалмалуулукка ооп, руханий маданияттан артта калышты, өлкөбүздө тарбиялоо программасы иштелип чыккан менен иштөө механизми аксап, бири-бирине дал кел-

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



бей жаткан мезгилге туш болдук. Үй-бүлөлүк тарбия да өз функциясын толук аткара албай, балдардын психикасы башка нукка бурулду. Акыркы мезгилде чөйрөдө руханий жардылык өкүм сүрүп, балдар (айрыкча өспүрүм) «экран маданиятын» туу тутуп, алардан таасирленген терс жорук-жосундарды практика жүзүндө кайталашууда. Агартуучулук ишмердигинде студенттик чөйрөдө китеп окуу четте калып барат. Ошондой эле бизди тынчсыздандырганы, жаштарда арасында патриоттуулук сезимдин жокко эселиги, өз мекенин таштап, эмиграциялануунун күч алды. Ошондуктан тез арада мамлекет тарбия маселесине өзгөчө көңүл буруп, тарбиялоо институттарынын ишмердигин көзөмөлгө албаса, кийин кеч болуп каларында шек жок. Бул багытта: «Мамлекет өз жарандарынын рух адамдары болуп калыптанышына камкордук көрүүгө милдеттүү. Руханиятсыз адам коому – бул макулуктардын коому» - деген пикир оюбузду тастыктайт [5].

Учурда жогорудагы көйгөйлөрдү чечүүгө коомдук институттар болгон: үй-бүлөдөн баштап, бала бакча, мектеп, орто окуу жайлары, жогорку окуу жайлары, мекемелер, коомчулук, массалык маалымат каражаттары ж.б. катышуусу шарт. Элдик мурастардын негизинде тарбиялоонун оң жактуу натыйжасын ар бир ата-эне, тарбиячы, мугалим, окутуучу түшүнүү менен алардын ар бири тарбиялоо иштерине олуттуу мамиле жасап, ар бир баланын жекече өзгөчөлүгүнө карата ийкемдүү тарбиялык методика колдонуу менен этнопедагогиканын контекстинде максаттуу багытта иш жүргүзүүдө оң натыйжа берери анык.

Жогоруда проблеманы чечүүнүн айрым жолдору болуп окуу жайларда «Этнопедагогика» лабораториясын түзүү, кыргыз элибиздин маданиятын, тарыхын, адабиятын түптөгөн улуу адамдардын басып өткөн жолун таанып-билүүгө багытталган музей уюштуруу, аларды тарбиялоо багытында пайдалануу иш чараларын уюштуруу, аудиториялык иштерден тышкары тарбиялык иштерди күчөтүү ж.б. сунуштоого негиз бар.

Аталган баалуулуктар тууралуу орус элинин изилдөөчүсү Г.В. Нездемковская өз оюн мындайча билдирет: «Народные традиции и обычаи включают в себя, с одной стороны, духовные ценности этноса, а с другой – при помощи четко регламентируемых норм, правила и обычаев поведения создают модель поведения для новых поколений, выступают при этом одним из важнейших воспитательных средств» [4].

Жыйынтыктап атйканда, учурда ЖОЖдо, өзгөчө «Мектепке чейинки педагогика» жана «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы» адистигинде окуп жаткан студенттердин окуу программасы боюнча этнопедагогика илиминин дисциплина катары окутулушу, студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктү калыптандыруунун негизи болуп саналат. Ошону менен бирге менен болочок адистердин практикалык ишмердүүлүгүндө элдик маданий мурастарды колдонууда, келечек муундарды тарбиялоодо ар бир баланын элжурттун жүгүн көтөргөн патриоттуулук, ыйманы таза адептүүлүк, абийири бийик намыскөйлүк, кең пейилдүү жоомарттык, дили таза аруулук, кара кылды как жарган адилеттик, калыстык ж.б. сапаттарын калыптандырууда, кыргыз эли түбөлүк жашап, улуттук коллорит жана улуттук баалуулуктар сакталат деген зор ишенимдебиз.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. I-бөлүк. Бишкек, 1997. - 7-б.
2. Мадаминов Г. Ата-энелер сиздер үчүн. Бишкек, 2016. - 68-б.
3. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп. Бишкек, 2011. - 432-б.
4. Нездемковская Г.В. Этнопедагогика. Академический проект. Москва, 2011. - 182.
5. Подласый И.П. Педагогика. - Москва, 2012. - 28 с.
6. Рыспаев С.К., Абдулхамидова Б.А. Кыргыз элинин накыл кептери жаш муундарды рухий саламаттыгын калыптандыруудагы маанилүү каражаттардын бири. // КБАнын кабарлары, №2(30). Атайын чыгарылыш. - Бишкек, 2014. - 161-б.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Чыныбаев Р.Р.**